**УДК: 894.341**
**DOI: 10.35254/bsu/2023.65.28**

**Жамгырчиева Г.**
**ОшМУ**

## АЗЫРКЫ БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

**Кыскача мазмуну:** Илимий макаланын максаты кыргыз балдар адабиятынын азыркы учурдагы өнүгүү абалын ачып көрсөтүү жана тийиштүү теориялык жыйынтыктарды чыгаруу болуп саналат. Макаланын практикалык мааниси орто мектептерде кыргыз балдар адабиятынын учрдагы чыгармаларынын негизинде жанрдык өзгөчөлүгүн түшүндүрүүсү, ал аркылуу балдар дүйнөсүн, көркөм сөздүн өзгөчөлүгүн баалоого жетишүүсү, тарбиялык мааниси аркылуу аныкталат. Балдар адабиятынын тематикасы ар кыл, козголгон жана ачыкка чыгарылган проблемалардын чоо-жайы да ар башка болгону менен көздөгөн максат-мүдөөсү жаш жеткинчектердин өткөндөгү жана азыркы турмуш-тиричилиине тикелей байланышкан тагдырларын, аларга байланыштуу тарыхый, маданий окуяларды жана күндөлүк өмүр-жашоо көрүнүштөрүн, балдарды түйшөлткөн ой-сезимдерди көркөм баяндоо менен тереңден ачып берүүгө, ал аркылуу бүгүнкү жана эртеңки окурмандын жан-дүйнөсүн байытып, асыл идеяларга сугарууга багытталат. Ал эми жанрдык-тематикалык тарабынан балдар жазуучуларынын учурдагы калемгерлик эволюциясына жалпысынан айрым иликтөө жүргүзүү макаланын актуалдуулугун. көрсөтөт.

**Түйүндүү сөздөр:** адабий процесс**,** балдар адабияты, балдар поэзиясы жана прозасы, өнүгүү тенденциялары, идеялык-мазмундук өзгөчөлүгү, поэтика, көркөм сөз каражаттары.

**Жамгырчиева Г.**
**ОшМУ**

## СОВРЕМЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ РАЗВИТИЯ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

**Аннотация:** Основной целью статьи является раскрытие некоторых тенденций развития современной детской литературы, и вывести соответствующие теоретические выводы. Практическая значимость заключается в восприятии особенностей детских жанров, и его посредством мировосприятие молодого поколения, воспитательное значение литературы. Тематика детской литературы разнообразна, детали поднимаемых и раскрываемых проблем также различны, цели и задачи детской непосредственно связаны с прошлой и настоящей жизнью молодежи, историческими и культурными событиями, связанными с ними, и явлений повседневной жизни, волнующих детей, направлена на то, чтобы посредством художественного повествования глубоко раскрыть мысли и чувства, обогащая душу сегодняшнего и завтрашнего читателя и погружая его в благородные идеи. А авторы жанрово-тематических многогранных и художественных произведений показывают актуальность статьи, наблюдая и исследуя нынешнюю творческую эволюцию детских писателей, хотя бы в целом, и выявляя характерные и выдающиеся моменты их мастерства.

**Ключевые слова:** литературный процесс**,** детская литература, поэзия и детская проза, идейно-содержательная особенность, поэтика, художественные средства.

**Zhamgyrchieva G.**
**OshMU**

## MODERN TRENDS OF DEVELOPMENT OF CHILDREN'S LITERATURE

**Abstract:** The main purpose of the article is to reveal some trends in the development of modern children's literature and to deduce relevant theoretical conclusions. Practical significance lies in the perception of the characteristics of children's genres and through it to understand the worldview of the younger generation, the educational significance of literature. The topics of children's literature are diverse, the details of the problems raised and disclosed are also different, the goals and objectives of the children's literature are directly related to the past and present life of young people, historical and cultural events associated with them, and the phenomena of everyday life that excite children, aimed at ensuring that through artistic narratives deeply reveal thoughts and feelings, enriching the soul of today's and tomorrow's reader and immersing him in noble ideas. And the authors of genre-thematic multifaceted and artistic derivatives show the relevance of the article, observing and exploring the current creative evolution of children's writers, at least in general, and identifying the characteristic and outstanding moments of their skill. Consideration of their creative path in close connection with the literary process of their time, in the context of literary development, systematic study of their place in the general field of literature, successes and failures in the aggregate means the novelty of the study, which is still on the agenda. It is important to understand the general creative evolution of children's literature and to clarify its place in our national literature through a general description and analysis of modern trends in works for children in Kyrgyz literature, ascertaining their ideological, artistic and aesthetic value.

**Keywords:** literary process, children's literature, the genre of poetry, children's prose, ideological content, poetics, artistic means.

Кыргыз фольклорундагы салтты улап, кыргыз профессионал адабияты калыптана баштаганда эле анын бир бөлүгү катары балдар адабияты да калыптана баштаган. Андагы балдар адабияты бөлүмү жаш муундар үчүн арналган адабияттын бир салаасы болуп, жогоруда белгиленгендей жаш муундардын дүйнөкарашын, куректык өзгөчөлүгүн чагылдырууда кызмат өтөйт. Балдар адабиятынын  жалпы көркөм адабияттагы орду өзгөчө, анткени жаш муундар өлкөнүн келечегин түзүүчү муундар болуп, ал аркылуу улуттун, мамлекеттин тагдыры чечилет. Элдик фольклордо, Тоголок Молдонун чыгармачылыгында өрүш алган кыргыз балдар адабияты эгемендүүлүк жылдарында бир топ түйшүктөргө кабылды. Анткени балдар үчүн басылмалар солгундап, жаңы идеологиялык багыт тандалып жатты. Ушундай учурда өткөндөгү көрөңгөлөргө кайрылуу, тарыхыбызды тактоо, улуттун менталитетин кайра карап чыгуу, өзүн-өзү таануу сымал изденүүлөр искусстводо, адабиятта, дегеле маданияттта болуп жатты. Балдар адабиятында белсенип иштеген, чыныгы күйөрмандар калды десек болгудай. Азыркы учурда технологиянын күрдөөлдүү өнүгүшү менен гуманитардык багыттагы илимдер, көркөм адабият бир аз кечеңдеп, аркага сүрүлгөндөй таасир калтырууда. Бул адам коомунун келечегин бүдөмүктөнтүп, трагедиялуу көрүнүшкө алып келүүсү мүмкүн. Ошондуктан балдар адабиятында жалпы адамзаттык баалуулуктарды даңазалоо, балдар үчүн улуттук башаттагы мекенчил, гармониялуу өнүккөн идеал образдарды жаратуу, аларды заманбап көркөм туунду формасында балдарга сунуштоо актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Балдар адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү улуттутк адабияттын бул бөлүгүн адабий жараянда алап барууда кызмат өтөп келет. Алардын чыгармачылыгнда заман талабына жооп берген, алдыдагы багыттрарды белгилеген тенденциялар орун алган. Аларга айрым токтолсок, балдар акыны Токтосун Самудинов жаш жеткинчектер үчүн көркөм туундуларды жаратып, «Байчечекей» балдар журналында эмгектенип келгени маалым. Анын 1992-жылы чыккан «Кол чатыр», «Чаң баспасын сөздөрдү» деген ырлар жыйнактары үчүн Алыкул Осмонов атындагы, ал эми 1997-жылы балдар адабияты менен балдар басма сөзүн өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн Тоголок Молдо атындагы сыйлыктар ыйгарылган. Ырлары мурдагы СССР элдеринин бир катар тилдерине, ошондой эле англис, француз, испан тилдерине которулган. Акындын 1992-жылы «Кол чатыр» жана «Чаң баспасын сөздөрдү» деген китептери үчүн Алыкул Осмонов атындагы жана 1997-жылы балдар адабияты менен балдар басма сөзүн өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Тоголок Молдо атындагы сыйлыктардын лауреаты болгон. Маселен **“Келтече**” деген ырды мисалга тартсак:

Жер казганга кантсе да
Жеңсиз күрмө ыңгайлуу.
Аны кемпир-кесектер
КЕЛТЕЧЕ дейт турбайбы.

Куруучуга – комбинезон,
А койчуга – тон чыгар…
Келтечени бу күндө
Көп кийишет жолчулар. [7.27], - деп берилген.

Мындай сөздүк ырлар балдардын кептик корун байытып, эне тилин терең билүүгө, өз оюн кенен билдирүүгө тарбиялары бышык.

Ад эми балдар акыны Каныбек Жунушевдин 1960-80-жылдары чыккан «Боёкчу», «Кызылчанын баласы», «Бадыраң кантип үшүгөн», «Жашыл көпүрө», «Жылдыздуу асман», «Байчечекей», «Зымырык» деген китептери балдар чөйрөсүндө алгылыктуу чыгармаларды камтыйт. Ал эми бир топ көлөмдүү жана акындык табиятын ачкан «Айдың көл» аттууу ырлар жана поэмалар жыйнагы (1987) чыккан. Акындын чыгармалары мектер программасына кирген. Ал орус баладар адабиятыны ири өкүлдөрү С.Михалков, Я.Аким, А.Барто, К.Чуковский ж.б. ырларын кыргызча таржыма кылган. Көркөм котормодо иштөө акындын балдар адабиятынын өзгөчөлүгүн өздөштүрүүсүнө өбөлгө болгон. Көбүнчө айылдык балдардын жашоосун жакындан карап, терең байкап билгени чыгармаларында орун алган жетишкендиктерге, ийгиликтерге өбөлгө түзгөн. [1.84].

Ошентип балдар акыны Каныбек Жунушев чыгармачылык табылгалар менен өнөрканасын өнүктүрүп барган калемгер, ал – балдар дүйнөсүн, алардын кыял-жоруктарын чебер сыпаттоонун устаты. Акындын поэзиясы – балалыктын поэзиясы наристелик аруулуктун

ыры. Автор ырларына оө жүрөгүнөн чыккан сезимдерин кошот, баланын жаш курагын, дүйнөсүн, сезимдерин эске алып, кыска жана нуска жазат. [3.57]. Балдар акынынын өзгөчөлүгү – чыгармаларында айбанаттардын бейнесинин берилиши. К.Жунушев да ырларында жапайы жана үй айбанаттарынын галереясын түзөт. Буларды акын жаш окурманга жаныбар бойдон көрсөтөт. Аларды адамга салыштырып ойлонууга, окшоштук табууга шарт түзөт:

Чөп жегенден башка биз
Билбейм, не иш кылабыз? —
Десе, экинчи суур айтат:
– Жана дагы ышкырабыз… («Суур»)
Өзүлөрүнөн бөлөккө
Таң калышып күлүшөт:
Билишпейби, басканды
Чуркап эле жүрүшөт… («Ташбака») [2.57].

Бул сыяктуу ырлар жаныбарлардын жашоо-тиричилигин түшүнүүгө, балага көмөктөшүү менен өзүн тиги айбанат же канатт паренде менен салыштырууга мүмкүнчүлүк алары бышык.

Демек, балдар адабиятынын аткарган милдети анын дүйнө таанытуучулугу. Ушул миссияны алган акын чыгармаларында ушул милдетти абдан дааналап коюп, аркалап жүрүүгө тийиш [8.86]. К.Жунушев акын катары бул максатты жүзөгө ашырып келет.

Улутук балдар адабиятында илимпоз жана жазуучу катары салым кошуп келе жаткан автор Сулайман Рысбаевдин кыргыз балдар адабиятыбызда өзгөчө орду бар. Бул автордун чыгармаларынын тематикасы ар кыл, аларда балдардын ой-кыялдарын ар тараптуу берүү, жаш жеткинчектердин дүйнө таанымын өнүктүрүү, дидактикалык идеялар орун алган. Табият жана адам баласынын мамилеси, балдардын жаратылыш кубулуштарын таанып-билүүгө умтулуулары, эмгекке, адеп-ахлакка тарбиялоо тууралуу педагогикалык идеялар кеңири сунушталган. Бул айрыкча автордун адабий жомокторунан ачык байкалат. [4]. Сулайман Рысбаев кыска көлөмдөгү, жөнөкөй формадагы миниграфия жанры - балдар адабиятына мүнөздүү өзгөчө адабий форма экендигин белгилеп, көлөмү жана формасы жагынан алганда, балдарга, айрыкча, бөбөк курактагыларга арналган чыгармалар башка чыгармаларга дээрлик окшошпой тургандыгын айткан. Анда поэзиялык болобу, прозалык болобу, кайсы жанрдагы балдар чыгармалары болбосун, көлөмү чакан, формасы ийкемдүү, балдардын окуп-үйрөнүүсүнө ылайыктуулугу менен айырмаланат. Ошентсе да, балдар ырлары же аңгемелери деп айтылуу менен, ырлар кээде төрт сап көлөмүндө да жазылып, аңгемелер болсо, эки саптан башталып төрт сап формасында да болуп, толук маанисиндеги аңгеме жанрына туура келбесе да, аңгеме деп атала бергени менен өзгөчөлөнүп келерине басым жасайт.

Эгемендүүлүк жылдарындагы мыкты эмгектенип, балдар адабиятын жаңы чыгармалары менен байытып жаткан жазуучулардын дагы бири Турусбек Мадылбай – Токтогул районунун **кулуну, көп тилдүү, полиглот жазуучу. Ал к**ыргыз, орус, англис тилдеринде жазат. Ал

чыгармаларын өспүрүм курагынан жаза баштап, 1985-жылы «Кыргызстан маданияты» гезитине фантастикалык аңгемесин жарыялайт да конкустук баш байгени жеңип алат. Ошондой эле автор мыкты макалалары үчүн улуттук жана эл аралык сыйлыктарды алган. Турусбек Мадылбай 2006-жылкы эл аралык «Русская премия» сыйлыгынын лауреаты, антакени «Келишчи эле мектепке ээрчишип…», «Феникс», «Күкүнүс», “Кичинекей Бердинин азаптары” жана башка китептердин автору катары жаңычыл көркөм туундуларды жаратты. “Кичинекей Бердинин азаптары” (2007) чыгармасы азыркы учурда РФнын мектеп программасына киргизилип окутулуп жатат. Анда ата-энеси алкоголго берилген баланын азаптуу турмушу, андагы көйгөйлүү кырдаалдар баяндалат.

Макалада алынган темага ылайык төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. Учурдагы балдар адабиятына жалпы мүнөздөмө берип, анын эволюциясы ачып көрсөтүлдү;
2. Балдар акындарынын чыгармачылыгынын идеялык-тематикалык көп түрдүүлүгүнө, ой жүгүртүүлөрдүн оригиналдуулугуна көңүл бурулуп, кыргыз балдар поэзиясындагы ролу белгиленди;
3. Балдар үчүн жазылган поэзия жаатындагы чыгармачылык изденүүлөргө токтолуп, алардын табылгаларын жана кемчил жактарын ачып берүү аракеттери болду;
4. Балдар үчүн жазылган көркөм фактылардын авторлорунун чыгармаларын анализдөө аркылуу азыркы кыргыз балдар адабиятынын өнүгүшүнө айрым сереп салынды.

Жыйынтыктап айтканда, учурдагы балдар адабиятында дүйнөтаанууучулук, гуманисттик, патриоттук тенденциялар орун алып, жогорудагыдай калемгерлердин чыгармачылыгы менен алдыга карай өнүгүүдө десек болот.

**Адабияттар**

1. Жунушев К. Зымырык: Ырлар жана жомоктор.– Ф.: Мектеп, 1983.
2. Жунушев К. Айдың көл: Ырлар жана поэма.– Ф.: Мектеп, 1987.
3. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. Түзгөндөр: Кыдыров А., Сулейманов Д. – Ф.: Мектеп, 1987.
4. Рысбаев С. Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн кошумча окуу куралы. - Б.: 2015.
5. Самудинов Т. Жашынмак: Ырлар. – Ф.: Мектеп, 1984.
6. Самудинов Т. Чаң баспасын сөздөрдү: Ырлар. – Б.: Адабият, 1991.